**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**КАРА-БУУРА АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-БУУРИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕҢЕШ**

---

**9-июнь 2023-жыл** **№ 18** **Кызыл-Адыр айылы**

**Кара-Буура айылдык кеңешинин**
**VIII чакырылышынын кезексиз XXVIII сессиясы**

# Т О К Т О М

## Күбөлүк, көктөмөлөрдү кайрадан каттоодон өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 10-апрелиндеги “Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районунун Кош-Дөбө айыл аймагын, Ош жана Талас облустарынын айрым айылдарын жана Талас облусунун Кара-Буура районун кайра атоо жөнүндө” №82-катар сандуу Мыйзамын жетекчиликке алып, Кара-Буура айылдык кеңеши **Токтом кылат:**

1. Талас облусунун Кара-Буура районунун Кара-Буура айылдык аймагынын “Кара-Буура айылдык аймактык кеңеши” мекемесинин фирмалык аталышы Талас облусунун Айтматов районунун Кара-Буура айыл аймагынын “Кара-Буура айылдык аймактык кеңеши” мекемеси (мындан ары мекеме) болуп өзгөртүлсүн.
2. Мекеменин фирмалык толук аталышы:
   **-Мамлекеттик тилде:** Талас облусунун Айтматов районунун Кара-Буура айылдык аймагынын “Кара-Буура айылдык аймактык кеңеши” мекемеси.
   **-Расмий тилде:** Учреждение “Кара-Бууринский айыльный аймакский кеңеш” Айтматовского района Таласской области.
3. Мекеменин юридикалык дареги өзгөртүлүп Талас облусу, Айтматов району, Кызыл-Адыр айылы, Н. Кожомуратов көч №18 аныкталсын.
4. Мекеме мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн жана кайра каттоодон өткөрүүнү мекеменин башчысы Стамкулов Болот Музулумовичке тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын, өзүмө калтырамын.

**Төрага** **М. А. Джумагулов.**